# ЧАРБАЛЫК ИШТЕР БОЮНЧА ДИРЕКТОР

# ОРУН БАСАРЫН МИЛДЕТТЕРИ.

мектептин мугалимдеринин,мектептин мугалимдеринин, окуу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү кызматкерлеринин нормалдуу иштөөлөрүнө шарт түзөт (жарык, жылуулук, тазалык, суу, бор, мебелдер менен камсыз кылуу);

-мектепте санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылат

-мебелдердин сакталышына көзөмөл кылат, ремонттоп турат, территориянын тазалыгы жана жашылдандыруусу боюнча, мектептин бардык ремонт иштерин жүргүзөт;

-коопсуздук техникасынын жана өрткө каршы инвентарларды дайыма камсыз кылууну уюштурат жана көзөмөлдөйт;

-кенже тейлөөчү кызматкерлердин эмгек тарбилин, жумушка келип кетүүсүн, милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөп, табель түзөт;

- коопсуздук боюнча инструктаждан толук өткөрөт;

-мектептин имаратын, инвентарларын, жабдууларын өз тартибинде сактайт жана ар бир буюм үчүн закон алдында жооп берет;

-жыл аягында кабинеттерди кабинет башчыларынан өткөрп алат, ремонт иштерин чогуу жүргүзөт жана көзөмөлдөйт.

-көмөкчү чарба иштерин алпарат жана жетектейт;

-мектептин жаңы окуу жылына даярдалышын аткарат (ремонт, инвентарь алуу), мектепте оңдоо- түзөө иштердин даярдыгы, аткарылышы, өткөрүү жолдоруна жоопкерчиликтүү болот;

-мектептин от жагуусуна, көмүрдүн , электр энергиясынын сарамжалдуу пайдаланылышына жооп берет;

- көмүрдүн кириш-чыгыш отчетун, электр энергиясынын көрсөткүчүн ар бир айдын 25-күнүнөн калтырбай отчетторду берет;

-мектептин чарбалык иштерин керектүү адамдар жана мекемелер менен келишим түзөт.